**Айбашова Тазагүл Матраимовнанын «Орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу» аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына илимий жетекчинин**

**пикири**

Айбашова Тазагүлдүн диссертациясы кыргыз тилин окутуу методикасындагы актуалдуу проблемага – орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу, окуучулардын кеп маданияты, стилистикалык сабаттуулугун калыптандыруу жана көндүмдөрүн арттыруу проблемасына арналган эмгек.

Диссертант орто мектепте кыргыз тили жана адабиятынан сабак окутуу менен практик катары мектеп мугалимдеринин муктаждыгын жакшы билет, программада кеп стилдерин окутууга атайын сааттар көрсөтүлгөнү менен аны эффективдүү ишке ашыруунун технологиялары иштелип чыккан эмес. Эмгекте илимий-методикалык жактан функционалдык стилдерди окутуунун бүгүнкү күндөгү максат-мааниси жана аны көнүктүрүүнүн (практикалаштыруунун) жолдору, ыкмалары иштелип чыккан. Автор өзү да функционалдык стилдерди окутуу боюнча окуу программасына ылайык окуу-усулдук колдонмо иштеп чыгып, ал нормативдик документтери өлкөбүздүн мектептеринде колдонулуп келет.

Изденүүчү мектеп окуучуларына сабак берет, мектеп мугалимдерине стилистиканы окутуу боюнча семинарларды өткөрүп, Ош шаарындагы көптөгөн мугалимдерге насаатчы болуп келет.

Диссертант функционалдык стилдерди окутуу процессинде окуучулар жетише ала турган компетенттүүлүктөрүн мыкты өздөштүргөн, жалпы эле азыркы ааламдашуу доорунда кыргыз тилинин стилистикасын окутуунун

максаттуу проблемасын да жетик билет. Анын эң башкы жетишкендиги – функционалдык стилдердин айырмачылыктарын талдап көрсөткөндүгү.

Диссертацияда кыргыз тилинин функционалдык стилдерин окутууда окуучуларга ылайыкталган материалдарды класс көлөмүнө, билим деңгээлине карата туура аныкталган. Ошол эле учурда кайсыл стилди жана анын подстилдерин окуп-үйрөнүүдө кездешүүчү кыйынчылыктар изилденген.

Т. М. Айбашова мектепте ортоңку класстарда функционалдык стилдерди окутуунун өзгөчөлүктөрүн, жарым кылымдай мезгил аралыгындагы тарыхый эволюциясын, окуу программаларындагы, окуу китептериндеги абалын талдоого алган, айрым сабактардын фрагменттерин жыйынтыктап, өзүнүн жеке окутуу методикасын сунуш кылат. Анын функционалдык стилдерге жүргүзгөн талдоолору тексттерге, стилдердин расмий жана расмий эмес подстилдери тууралуу маалымат берүүдөн, тексттерге стилистикалык анализ жүргүзүүдөн, алардын окшош жана айырмалуу жактарын салыштырып жана айырмалап, стилдик бөтөнчөлүктөрүн конкреттүү көрсөтүүдөн турат. Муну үчүн ал диссертациясында окуучуларга ар бир тексттин стилин аныктоонун жолдорун, тил каражаттарын, ыкмаларын мугалимдер пайдалана ала турган деңгээлде ачып көрсөткөн.

Диссертацияда функционалдык стилдердин негизги максаты, коомдогу кызматы, аларды окутууда негизги деп эсептелген айрым маселелерди бөлүп карап, окутуунун натыйжалуу деп эсептелинген ыкмалары жана каражаттары заманбап талаптарга ылайык иштелип чыккан жана алар мектептерде эксперименттен өткөрүлгөн.

Функционалдык стилдерди, анын ичинен иш кагаздар стилин окутуунун принциптери, моралдык жана дидактикалык талаптары, окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөр өзүнчө каралгандыгы да эмгектин оң жагы болуп эсептелет.

Изденүүчү көптөгөн илимий-теориялык, окуу-методикалык, библиогрфиялык, биографиялык материалдарды колдонгон, бир канча сабактардын иштелмелелерин даярдап иштеп чыккан.

Диссертацияда илимий изилдөөнүн теориялык жоболору жеткиликтүү жана ынанымдуу чыгарылган.

Т. М. Айбашованын диссертациялык эмгеги жана анын жыйынтыктары илимий жаңылыгы жана практикалык мааниси боюнча азыркы кыргыз тилин окутууну өркүндөтүүнүн жолдорун көрсөткөн эмгек катары мугалимдердин усулдук ишмердүүлүгүн жогорулатууга салым кошот деп ойлоймун.

Автордун диссертацияда ишке ашырган изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары жаңы жана маанилүү.

Айтылган илимий жоболор жана методикалык сунуштар кыргыз тилинин байланыштуу кебинин функционалдык стилдерин окутуу процессинде кеп этикеттери, кеп маданияты менен байланышта кеп стилдери ишмердүүлүгүнүн методикасын өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк ачып берет.

Диссертациянын авторефератында изилдөөнүн актуалдуулугу, мазмуну, милдеттери чагылдырылган, андан эмгектин ырааттуу логикасын аңдап билүүгө болот.

Иш макалалар түрүндө жана изденүүчүнүн практикалык иш аракеттеринде апробациядан өткөрүлгөн.

Жыйынтыктап айтканда, **Айбашова Тазагүл Матраимовнанын «Орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу»** аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы жана анын автореферети Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялоо комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү жобосунун» 10 пунктуна ылайык иштелип чыккан эмгек болуп саналат. Изилдөөнүн автору Тазагүл Матраимовна Айбашова аталган адистик боюнча

педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

Мен, илимий жетекчи катары, Айбашова Тазагүл Матраимовнанын «Орто мектептерде функционалдык стилдерди окутуу» аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган эмгегин диссертациялык кеңеште коргоого сунуш кыламын.

***Илимий жетекчи:*** ***Чыманов Ж. А., педагогика илимдеринин доктору, профессор***

Ж.А. Чымановдун колун тастыктаймын.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ